DOI: 10.26104/NNTIK.2022.13.43.044

*Эркинбеков К.Э.*

# КЫРГЫЗСТАНДЫН ШАРТЫНДАГЫ САЯСАТ ЖАНА САЯСИЙ ПРОЦЕССТЕР

*Эркинбеков К.Э.*

# ПОЛИТИКА И ПОЛИТИЧЕСКИЕ ПРОЦЕССЫ В УСЛОВИЯХ КЫРГЫЗСТАНА

*K. Erkinbekov*

# POLITICS AND POLITICAL PROCESSES IN THE CONDITIONS OF KYRGYZSTAN

*УДК: 316.711*

*Автордун аталган илимий макаласында Кыргызстандын шартындагы саясат жана саясий процесстер маселеси каралат, андан тышкары андай айтылгандай, Борбордук Азиядагы калктын көчмөн бөлүгүнүн ички саясаты зарыл түрдө сырткы шарттардын таасири астында калыптанышып, номаддардын социалдык-экономикалык өнүгүүсүнүн тең жактуулугун шарттташкан. Ошентип алардын отурукташкан калк менен болгон экономикалык байланыштары алака түзүүнүн өзгөчө мүнөзүнө ээ болгон. Бирок, түрктөр реалдуу түрдө белгилүү бир аймактарга ээлик кылуунун негизинде өзүлөрүнүн замандаштары хунндар жана усундардан айырмаланып коңшу Кытай, Иран жана Византия мамлекеттери менен соода-экономикалык мамилелерин активдүү жүргүзүшкөн. Борбордукaзиялык аймакта аскердик, саясий үстөмдүк орнотуу жана зордук-зомбулук чараларын активдүү колдонуу менен түрктөр өнүгүүнүн ар кыл тепкичтеринде турган жергиликтүү урууларды жана этносторду жалпы бир каганатка бириктирген.*

***Негизги сөздөр:*** *саясат, саясий процесстер, мыйзам, цивилизация, маданият, мамлекет, коом, тенденция, процесс, комплекс.*

*В авторской научной статье рассматривается вопрос политики и политических процессов в контексте Кыргызстана, кроме того, как уже упоминалось, внутренняя политика кочевой части населения Средней Азии обязательно формировалась под влиянием внешних условий, что и обусловило равноправие социально-экономического развития кочевников. Таким образом, их экономические отношения с оседлым населением носили особый характер общения. Однако, в отличие от своих современников, гуннов и усуней, тюрки на основе фактического владения определенными территориями активно вели торгово-экономические отношения с соседними государствами Китая, Ирана, Византии. Установив военно-политическое господство в Среднеазиатском регионе и активно применяя насильственные меры, тюрки объединили населенные пункты и этнические группы, находящиеся на разных уровнях развития, в единый каганат.*

***Ключевые слова:*** *политика, политические процессы, закон, цивилизация, культура, государство, общество, тенденция, процесс, комплекс.*

*The author's scientific article discusses the issue of politics and political processes in the context of Kyrgyzstan, in addition, as already mentioned, the internal policy of the nomadic part of the population of Central Asia was necessarily formed under the influence of external conditions, which led to the equality of the socio-economic development of nomads. Thus, their economic relations with the settled population had a special character of communication. However, unlike their contemporaries, the Huns and Usuns, the Turks, on the basis of the actual possession of certain territories, actively conducted trade and economic relations with the neighboring states of China, Iran, Byzantium. Having established military-political dominance in the Central Asian region and actively using violent measures, the Turks united settlements and ethnic groups at different levels of development into a single kaganate.*

***Key words:*** *politics, political processes, law, civilization, culture, state, society, tendency, process, complex.*

К. Маркстын пикири боюнча «коомдун өнүгүүсүнүн белгилүү бир эрте деңгээлинде эреже катары күндөн күнгө кайталанып туруучу өндүрүш актыларын, продуктуларды бөлүштүрүүнү, алмаштырууну жана жеке адам өндүрүштүн жана алмашуунун жалпы шарттарына баш ийүүсүн камтуу зарылчылыгы келип чыгат. Бул эреже башында адат катары эсептелсе, андан кийин мыйзам болуп калат. Мыйзам менен бирдикте зарыл түрдө аларды сактоо, ачык бийлик, мамлекет тапшырылган органдар пайда болушат» [1, 272-б.].

Байкоого алаарлык нерсе, күндөн күнгө кайталануучу өндүрүштүн, продуктуларды бөлүштүрүүнүн жана айырбаштоонун эле эмес, жалпы аздыр, көптүр кайталануучу иш-аракеттердин актыларын жалпы эреже менен кабыл алуу зарылчылыгы келип чыгат. Жеке адам өндүрүш менен айырбаштоонун эле эмес, кандайдыр-бир конкреттүү коомчулуктун жашап кетүүсүн аныктаган башка бардык шарттарга да баш ийүүсүн камсыз кылуусу зарыл. Ошентип, жалпы адамзат жаратылышы, түрдүн физикалык өзгөчүлүктөрү, адамдардын принципиалдуу жеке муктаждыктары болуп саналат. Жамааттык биргелешүүнүн жардамы аркасында мүмкүн болгон реалдуу коомчулуктардын жашап кетүү зарылчылыгы менен байланышкан кандайдыр-бир иш-аракеттер адамдардын жүрүм-туруму калыптанат. Натыйжада бул көрүнүш бардык элдердин укугу болуп калган негиз катары эсептелет. Бирок, ал кандай конкреттүү формаларга ээ болду, элдер жайгашкан реалдуу тарыхый процесстер жана шарттар менен аныкталган, алардын айырмачылыгына карабастан-айласыз цивилизациялуу плюрализмди жаратты, ал боюнча Сурия Пракаш мындайча айткан:

«Ар бир цивилизациянын ары фундаменталдуу принцибин бөлүп көрсөтүү толук ыктымал, албетте анын уюшулушунун эң борбордук принцибин. Батыш цивилизациясы үчүн мындай принцип болуп укук эсептелет, бирок башка цивилизациялар жөнүндө айтууга болбойт» [2, 11-б.]. Тилекке каршы, батыш цивилизациясынын ары фундаменталдуу жана эң борбордук принциби катары укук эсептелет дегенге кошулууга болбойт, бирок укуктун түшүндүрүлүшү батыш жана чыгыш маданиятында ар кыл экендиги айдан-ачык.

Укук башкы ролду ойногон Батыш мамлекеттеринен айырмаланып, чыгыш маданиятына салттуу, тийиштүү болгон мамлекеттерде чоң ролду башка социалдык нормалар – адаттар, моралдык жана диний нормалар ойногон. Ошентсе да, биздин пикирибизде маданият таануу жана философиялык мамиледе Чыгыш жана Батыш деген жок. Европалык колониялык басып алуучулук доордо кеңири тараган коомдук мамилелер, Чыгыш коомдук түзүмүндөгү философияга негизделген реалдуулукка караганда көбүнчө техникалык жана саясий мүнөзгө ээ болгон. Бирок, бул аныктамада кандайдыр-бир өлчөмдө башка маани-маңыздар да камтылган, «Батыш» жана «Батыш эмес» терминдеринин чегинде европа мамлекеттери өткөргөн басып алуучулук саясий жана аскердик тажрыйбаны аныктоо алда канча туура болоор эле. Өзүлөрүнүн тар, практикалык милдеттерин ойлогон саясатчылар жана аскер адамдары аталган терминдерге толугу менен канаттанышкан, бирок башка чөйрөдөгү адистерди бул түшүнүктөр ынандыра алган эмес.

Бүгүнкү күнгө чейин пайда болуп жаткан Европалык руханий маданиятты башка цивилизацияларга кээ бир күмөндүү карама-каршы койуу жана пайда болгон түшүнүктөрдү колдонуу жаман адаты тарыхый, географиялык жана саясий мамилелерде орун тапты. Ири, ар кырдуу Чыгыш цивилизациясы күнүмдүк аң-сезимде жеке жана бир жактуу көрүнүш катары каралат. Эгерде аталган термин теоретикалык аң-сезимдин чөйрөсүнө сүңгүп кирбегенде, муну менен толук макул болууга болот эле, бирок гуманитардык изилдөөлөрдүн бардык чөйрөсүндөгү эң жогорку көз караш бизди азиялык континентте маңыздуу антропологиялык, менталдык, лингвистиалык жана культурологиялык жактан айырмаланган этностор жайгашкан. Алар аргасыз көптөгөн мамилелерди жүзүндө ар кыл маданияттарды, анын ичинде укуктук маданиятты жаратуулары керек. Мындай көп кылдуу коомду түзүш үчүн бир канча антропологиялык, лингвистикалык о.э. тарыхый, климаттык, географиялык ж.б. көптөгөн себептер зарыл.

Жогоруда айтылгандар бизге азиа мамлекеттеринин маданиятын жеке термин менен баалоо толук тең укуктуу эмес деп жыйынтык чыгарууга негиз берет. Батыш бул жаатта бир тараптуу болуп калды, ал эми анын бир бөлүгү Евросоюзга биригип кетишине шарт түзүп берди. Бирок Азия мейкиндигинде мындай нерсени элестетүү өтө кыйын же таптакыр мүмкүн эмес. Элестетип көрсөңөр, Индия, Кытай же Иран, Ирак бир мамлекетте болгонун, жада калса кеңири мейкиндиктерде орун алган арабдар дагы бир араб мамлекетине биригүүгө шашылбай эле турушат.

Жалпы кабыл алынган «Чыгыш-Батыш» дихотомия илиминде Чыгыш узак убакыттар бою этатизмдин, менчиктин мамлекеттешүү, жамааттын жеке менчиктин астында үстөмдүк кылуусу, эркин инсан түшүнүгүнүн жоктугу, аны менен бирге адамдын укугу жана боштондугу категориялары өз деңгээлинде кызмат өтөй алган эмес. Батыш үчүн байыртадан эле жеке менчик институтунун ролун аныктоочу индивидуализм жана аны менен ажырагыс укуктар, эркиндиктер мыйзамы иштелип чыккан. Мындай социалдык түзүлүшкө инсандын автономдуулугу таандык болгон.

Кыргыздардын көчмөн цивилизациясы өзүнө Чыгыш жана Батыш маданияттардын элементтерин сиңирип алды. Номадизм жамааттык, индивидуалдык, этаистик жана либералдык башталыштарды айкалыштырып турат. Кыргыз маданиятындагы жогоруда айтылган жамааттык жана жекелик компоненттердин бир учурда болушу, биздин пикирибизде, биринчи ирээтте көчмөнчүлүк жашоо образы бир эле убакта жамааттык жана индивидуалдык түзүлүштөрдү колдоого аргасыз болгон. Анткени, жарым аскердик жашоо образында ар бир конкреттүү аскер (мындай аскер болуп эркектердин негизги массасы эсептелген) өзүнүн жеке керт башына эле эмес, жакындары үчүн да жооп берген.

Натыйжада көчмөнчүлүк жашоо индивидуалдык жана биргелешкен башталыштарды бириктирип кандайдыр-бир жалпылыка айландырган. Анын аң-сезими индивидуалдык деңгээлде өзүнө негизинде номаддардын цивилизациялык менталдуулугу жаткан инсандык-уруулук өздүк аң-сезимди камтып турат. Көчмөндөрдүн салттуу көп кылымдык жаратылышты пайдалануусу жогоруда айтылгандын акыркысын белгилүү бир экологиялык чөйрөгө ыңгайлаштырды. Чарбачылыгынын өздүк формасы жана ага шайкеш болгон спецификалык маданияттын, элдин жашоо турмушунун комплекси түзүлдү, ошондой эле мунун баары консервативдүү мүнөзгө ээ болду. Эгер көчмөндөр мамлекетти түзө алышкан болсо, анда алар белгилүү бир деңгээлде аскер күчүн узак пайдалануунун негизинде жашаган.

Айтылган мамлекеттүүлүккө байланыштуу кыргыз этносунун тарыхын бир аз кененирээк карайбыз. Байкагандай, этникалык саясий өзгөчөлүк реалдуу тарыхка, саясий фактыларга сиңип кирет жана алардан бөлөк жашай албайт. Аны биз аталган фактыларды анализге алуу менен гана көрө алабыз.

Демек, бизди аскердик же башка бир тарых эмес, саясий мүнөздөгү тарых кызыктырат, бирок, албетте

анын маңызы (саясий тарыхтын) саясий фактыларга ой жүгүртүү менен эле чектелбейт, анткени таза түрдөгү саясий маалыматтар жокко же алар башка түшүнүктөрдүн диалектикалык курамынан орун алышкан.

Качан илимий иликтөөнүн предмети катарында саясий тарых каралганда изилдөөнүн оптималдуу хронологиялык тереңдигин же зарыл түрдө саясий тарыхтын коомудк аң-сезимдин алкагында пайда болгон учурда жана ага анализ жүргүзүүчү убакыттык чекитти аныктоо зарылчылыгы менен байланышкан маселе келип чыгат.

Расмий көз карашка ылайык кыргыз мамлекеттүүлүгү 2200 жылды карыткан байыркы тарыхка ээ. Жазма, баарынан мурда Кытай булактарына ылайык биринчи «кыргыз» этнонимии б.з.ч. III кылымда кездешет (кытай транскрипциясында «гяньгунь», «гэгунь»). Кытай тарыхый илиминин негиздөөчүсү Сыма Цяндын «Тарыхый каттар» деген эмгегинде аталган этноним жөнүндөсөз болот, андан сырткары гунндардын кыргыздардын ээлигин чаап алгандыгы туурасында да баяндалат [3, 350-б.]. Бирок Кыргызстандын саясатчыларынын жана кээ бир изилдөөчүлөрүнүн «ээлик» жана «мамлекет» түшүнүктөрүн жана көрүнүштөрүн объективдүү реадуулук менен макулдашпастан дал келтирүү каалоолору тарыхый чындык жаатында акталышы мүмкүн эмес. Ошондуктан биздин пикирибизде Кожобеков М.Ч. кыргыз мамлекеттүүлүгүнүн байыркы этабын «кыргыз протомамлекеттүүлүгү» же легендарлуу, мифтик мезгил катары илимий аныктоосу акылга сыйаарлык [4, 87-89-бб.].

Биздин пикирибизде, тарыхый эскурсубузду VI кылымдын ортосундагы Борбордук Азиядагы этникалык жана мамлекеттер аралык кырдаалдар Улуу Түрк каганатынын пайда болушу жана ушул аймактагы Кытайдын үстөмдүк кылуучу мамлекет болбой калышынан баштайбыз. Түрк каганатынын негизин **түзгөн** түрктөр маңызы боюнча биринчи жолу жеке кызыкчылыктарга ээ болгон субъект катары өз алдынча саясий күч ирээтинде эл аралык аренага чыгышты. Келечекте өзүнүн мамлекетин өркүндөтүү табигый процессинин негизинде анын аймактарын, соода-сатык жүргүзүүнү кеңейтүү жана ага болгон аракеттерин ишке ашыруу максатында мамлекеттик түзүлүш менен алек болушкан. Тагыраак айтканда мамлекеттин ички коопсуздугун камсыз кылуу, аскер-саясий топторун түзүү, жаңы жерлерди басып алуу үчүн союздаштарды издеген ага чейинки жана алардан кийинки элдер да ошондой кылышкан [5, 8-б.]. Бирок маданияттын көчмөн формасы жана ага ылайык келген түрктөрдүн менталдуулугу көчмөндөрдүн саясий жана мамлекеттик уюшулушуна, түрк мамлекетинин ички саясий формаларына жана активдүүлүгүнө белгилүү бир так калтырды. Дүйнөнү кабылдоонун жана салттуу баалуулуктардын системасы акыр аягында көчмөндөрдүн жер иштетүүчү элдер менен болгон карым-катнаштарын аныктады. Бир жак тарап экинчисинин үстөмдүгүнө баш ийүүсүндөгү ички саясий байланыштардын негизинде, ал үстөмдүк салык төлөөдө ачык байкалган. Өздөрүнө каратып алган урууларга башкаруучулардын келиши, согуштарда ошолор тарапта катышуусунда гана бирөө экинчисине баш ийгендиги билинген [6, 14-б.].

Борбордук Азиядагы калктын көчмөн бөлүгүнүн ички саясаты зарыл түрдө сырткы шарттардын таасири астында калыптанышып, номаддардын социалдык-экономикалык өнүгүүсүнүн тең жактуулугун шартташкан. Ошентип алардын отурукташкан калк менен болгон экономикалык байланыштары алака түзүүнүн өзгөчө мүнөзүнө ээ болгон. Бирок, түрктөр реалдуу түрдө белгилүү бир аймактарга ээлик кылуунун негизинде өзүлөрүнүн замандаштары хунндар жана усундардан айырмаланып коңшу Кытай, Иран жана Византия мамлекеттери менен соода-экономикалык мамилелерин активдүү жүргүзүшкөн.

Борбордук-азиялык аймакта аскердик, саясий үстөмдүк орнотуу жана зордук-зомбулук чараларын активдүү колдонуу менен түрктөр өнүгүүнүн ар кыл тепкичтеринде турган жергиликтүүурууларды жана этносторду жалпы бир каганатка бириктирген. Аталган чөлкөмдүү аймагы аркылуу жүзөгө ашырылган транзиттик эл аралык сода, көчмөндөрдүн каганаттын калкынын жер иштетүүчү бөлүгү менен болгон соода мамилелери объективдүү түрдө карама-каршы болгон эки тенденцияны шарттады: биринчи жагынан, алар көчмөн коомдук чөйрөдө социалдык дифференциацияны күчөттү, экинчи жагынан, абдан маанилүү пайданы алып келүүчү жана талапка ылайык курамдардын жана каражаттардын болушу менен гана мүмкүн болгон соода жолдорун эффективдүү жана туруктуу көзөмөлдөө зарылчылыгы борбордук аракеттүү процесстерди күчөтүп, мамлекеттин ролунун өсүүсүн жөнгө салды.

Түрктөрдүн Борбордук Азияны каратып алышынан кийин, алардын көзмөлүндө Чыгыш менен Батышты өз ара байланыштырып турган соода жолдорунун бардык системасы турган. Түрктөр Орто Азиянын көпчүлүк бөлүгүн басып алгандан кийин Улуу Жибек жолунун негизги бутактарын көзөмөлдөп башташкан, соода-сатык иштери негизинен Кытай менен жер ортолук деңиз аймагында жайгашкан мамлекеттердин ортосунда жүргүзүлгөн. Негизги товар болуп эл аралык мүнөзгө ээ болгон жибек эсептелип, көптөгөн кирешелерди алып келип турган. Жибек сатуу ишиндеги маанилүү ортомчулар - булар согдийлер, ирандыктар болгон жана жибек кездемелерин сатып алуучуларга Византия кирген. Жибекти туруктуу сатуу согдийлик көпөстөргө жана түрк хандарына болуп көрбөгөндөй киреше алып келген, анткени түрктөр согдийлер аркылуу аскер кирешелерин кытай падыша-

чылыгынын төлөмү менен алып туруу мүмкүнчүлүгүнө ээ болушкан [7, 134-б.].

Саясий картада жаңы өз алдынча субөект болгон Түрк каганаты – ар кыл кесепеттердин бир бүтүн комплексине ээ болуп, аны менен кошуна мамлекеттердин козголуусун туудурду. Кытай ири элдик байлыкка ээ болуу менен борбордук-азиялык аймакта эбегейсиз зор дубалы менен чектелип алган. Ал эми бирибирине кас мамлекеттер Иран менен Византияны алсак, ар бири Түрк каганатын өзүлөрүнүн тар геосаясий максаттарында оздук күч катары колдонууга аракет жасашкан [8, 206-б.].

Ошентип сонунда белгилей кетүүчү нерсе, ар бир эл, этнос башка элдер менен карым-катнашта болуу менен, албетте аларда болгон каражаттарды колдонуп, карама-каршы жактардын кемчиликтерин жана жетишкендиктерин өзүнүн пайдасына пайдаланууга аракет жасашкан. Бул анык нерсе, башкача болууга мүмкүн эмес. Эң негизгиси аскер күчтөрүнө таянуу менен Түрк каганаты байлыктарды басып алуу, аймактарын кеңейтүү менен өзүнүн материалдык мүмкүнчүлүгүн көбөйтүүгө аракет кылышкан төмөнкү деңгээлде дипломатиялык жетекчилик кылуу менен Сырткы саясатта өзгөчө ийкемдүүлүк менен иш алып барбай дипломатиялык жактан сабатсыздык көрсөткөн. Мындайга карабастан кытайлыктар сыяктуу эле каганаттын аягына чыгышып коюлган максаттарга жетүү үчүн көз каранды ээликтерге жана күчтүү атаандаштарга тийиштү бир катар дипломатиялык чараларды колдонушкан. Алар Борбордук Азиядагы, өзгөчө Чыгыш Түркстанда, соода жолдорунда жайгашкан көчмөндөрдүн жер иштетүүчүлүк оазистер менен болгон соода-экономикалык мамилелерине ар кандай тоскоолдуктарды жаратып турган. Анткени убакыттын өтүшү менен ал аймактар түрктөрдүн көзөмөлүнүн астында болуп калат деп негизсиз сакташкан.

**Адабияттар:**


1. Маркс К., Энгельс Ф. [Текст] / К.Маркс, Ф.Энгельс. ППС. - Т. 18. - 272-б.
2. Сурия Пракаш Синха. Юриспруденция. Философия права [Текст] /П.С.Сурия. - Будапешт: Академия, 1996. - 11-б.
3. Бичурин Н.Я. Собрание сведений о народах, обитавших в Средней Азии в древние времена [Текст] / Н.Я. Бичурин. - Т.1. - М.-Л., 1950. 350-б.
4. Кожобеков М.Ч. Кыргыз мамлекеттуулугунун маселелери // Байыркы кыргыз тарыхынын актуалдуу проблемалары [Текст] / М.Ч. Кожобеков // «Кыргыз этнонимине 2200 жыл. Тезистер. - Бишкек, 2001. - 87-89-бб.
5. История дипломатии [Текст] /. Т. I. - М., 1959. 8-б.
6. Тихвинский С.Л. История Китая и современность [Текст] / С.Л.Тихвинский. – М., 1976. 14-б.
7. Кляшторный С.Г., Султанов Т.Н. Казахстан. Летопись трех тысячелетий [Текст] / С.Г. Кляшторный, Т.Н. Султанов. - Алма-Ата, 1992. 134-б.
8. Ставиский Б.Я. О международных связях Средней Азии в V-середине VIII в [Текст] / Б.Я. Ставиский. // ПВ, 1960. - №5. - С. 108-114.
9. Маматова А. Жергиликтүү авторлордун эмгектериндеги колониалдык саясат маселесинин чагылдырылышы. // Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана. 2015. №. 3. С. 162-165.